"БЕКИТЕМИН"
Кыргыз–Түрк "Манас"
университетинин проректору
профессор А. Мокеев

« 8 » февраль 2019 ж.

**Кулуева Фарида Шабданбековна тарабынан сунушталган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин педагогика кафедрасынын**

**П И К И Р И**

1. **Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымдагы адамзат коомунун ой тутумун, жашоо-тиричилигин, карым-катнаштарын түп тамырынан бери өзгөртүүгө дуушар кылган социалдык көрүнүштөрдүн эң негизгилери катары билим берүү тармагында жүрүп жаткан ар кандай технологиялык жаңылануулары айтсак болот. Мунун себеби бүгүнкү жаңы типтеги постиндустриалдык коом ар бир инсандан өзүн тек гана өндүрүш жана эмгек чөйрөсүндө мыкты адис катары көрсөтө билүүнүн жанында, руханий жактан терең, эң жогорку деңгээлдеги жаратуучулукту (креативдүүлүктү), коммуникабелдүүлүктү, технологиялык жактан компетенттүлүктү жана уюшкандыкты көрсөтө билген адам ресурстарына жана адистерге муктаж.

Бирок, кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруунун максаты, мазмуну, методдору жана каражаттары комплекстүү бүтүндүктө каралган атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл болгону менен теориялык жана практикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, азыркы учурда педагогикалык практикада объективдүү түрдө кездешүүчү карама-каршылыктар дагы эле болсо арбын. Эң негизгиси тейлөө кесибине ээ болуучу студенттерди даярдай турган колледждердин окуу процессинде МКТны колдонууда тейлөө ишмердигинин өзгөчөлүтөрү жана мүмкүнчүлүктөрү жетишерлик деңгээлде эсепке алынган эмес. Жогоруда белгиленгендер каралып жаткан диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун далилдеп турат.

Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын **негизделүү даражасы** педагогикалык-эксперименттин жыйынтыктарын статистикалык өңүттө талдоо менен камсыз кылынган. Ошону менен бирге педагогиканын, психологиянын жана методиканын теориялык жоболорун изилдөөнүн практикалык аспектилери менен ички өз ара байланыштары ишке ашырылгандыгы диссертацияда баса көрсөтүлгөн.

**Диссертациянын түзүлүшү** коюлган максатка жана милдеттерге дал келип, алардын ырааттуу удаалаштыкта чечилиши көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, изилдөөнүн негизги тыянактарынан, корутундудан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн милдеттеринин жүзөгө ашырылышын толук камсыздайт.

**Киришүүдө** тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы, практикалык баалуулуктары, жактоого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы, жайылтылышы, илимий иштин структурасы келтирилген.

Биринчи глава «**Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык негиздери**» – деп аталып, анда сөз болгон билим берүү мекемелеринин тибинде МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык жана практикалык абалы талдоого алынган. Буга байланыштуу обол илимий-методикалык адабий булактар, КР «Билим берүү жөнүндө» кабыл алынган Мыйзамы, КР билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялары жана концепциялары, орто кесиптик окуу жайларынын Мамлекеттик стандарттары, нормативдик документтер, ж.б. талданган. Автор аталган директивалык документтерди бүгүнкү практиканын контекстинде анализдөөнүн негизинде Кыргызстанда МКТны кесипке багыттап окутууга социалдык өбөлгө бар экендиги туралуу ишенимдүү, ынанымдуу корутунду чыгара алган. Биздин пикирибизде диссертант тарабынан колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуугө теориялык өбөлгө катары каралган жана учкай талдоого алынган эмгектер негиздүү. Ырасында эле, А.А. Вербицкий, А.В. Хуторский, Л.А. Шкутина, С.Я. Батышев, А.М. Новиковдордун эмгектеринде түптөлгөн кесипке багыттап окутуу, контекстик окуу технологиясы, интегративдик негиздеги окуу процессин уюштуруу тууралуу таанылган идеялар азыр да изилдөөчү белгилеген көйгөйлөрдү чечүүгө теориялык өбөлгө боло алат. Биринчи милдеттин алкагындагы автор тарабынан берилген «кесипке багыттап окутууга – инсандын интегралдык сапаты катары талаптардын, мотивдердин жана тандап алган кесибинин иш аракеттерине кызыгуу менен умтулуусуна шарт түзүүчү, ошондой эле келечектеги адистердин окуу процессинде кесиптик

компетенттүүлүгүн өнүктүрүү максатында ар дайым өз алдынча билим алуусуна жана өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусун калыптандырган педагогикалык иш аракеттер таризинде», – аныктама негиздүү экендиги шек жаратпайт. Тейлөө ишмердүүлүгүнүн негизги өзгөчөлүктөрүнө, МКТны колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүнө жараша: ар түрдүүлүк; тейлөө ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн өзгөрүлмөлүүлүк; кардарлардын жекече талаптарын канаттандырууга багытталган кызмат көрсөтүүдө кардарлар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу шарттарды түзүү; кызмат көрсөтүүнү кайта өндүрүү сыяктуу МКТны колдонуу аспектилери аныкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн экинчи милдети катары белгиленген Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун методикалык моделин түзүү жана педагогикалык шарттарын аныктоо маселелери **«Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуунун методологиясы жана методдору** » аттуу экинчи главада жүзөгө ашырылган. Диссертацияда илимий адабияттарды, педагогикалык методдордун жана талдоолордун жыйынтыктарынын негизинде студенттерди МКТны кесипке багыттап окутуунун натыйжалуулугун арттыруунун *мотивациялык* – колледждердин студенттерин МКТны колдонуу менен кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруунун зарыл компонент экендигине жана аны өркүндөтүү зарылдыгына ынандыруу; *уюштуруучулук* – окутуучулардын МКТны окуу процессинде колдоно билүүсү жана кесипке багыттап тереңдетилип окутулушу; *методикалык* – окуу процессинде тейлөө адистигине таандык болгон МКТны өздөштүрүүнү кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар боюнча методикалык комплекстин негизинде ишке ашыруу сыяктуу шарттары аныкталган. Педагогикалык шарттардын *мотивациялык* компоненти МКТны колдонуу менен кесиптик компетентүүлүгүн арттырууда студенттердин өздүк мотивациясын, өзүн көрсөтүүсүн калыптандыруу, ийгиликтүү даярдыкты гана эмес адекваттык окуу чөйрөсүн, студенттердин өздүк активдүүлүгүнө, өзүн-өзү өркүндөтүүсүнө, үзгүлтүксүз билим алуусуна багыт алышын камсыз кылуу. Изилдөөнүн концептуалдуу көз караштарына ылайык маалыматтык технологияларды колдонууда акцен белгиленген билимдерди гана өздөштүрүүсүнө эмес маалыматык коомдун шартында студенттердин өз алдынча чыгармачылык менен багыт алуусу, аракет кылуусу, мобилдүүлүгү, кесиптик жана өздүк ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө умтулушуна коюлуш керек. Экинчи шарт катары негизделген *уюштуруучулук компонент* колледждерде окуу процессинин маалыматташтырылышы, локалдык жана глобалдык байланыштардын болушу, андан тышкары бардык билим берүү системасынын маалымат чөйрөсү, материалдык–техникалык базанын жаңы

жаңы МКТ менен жабдуу жана прикладдык программалардын кесиптик базасынын топтомун жабдууну уюштуруу менен аныкталган. Ырасында эле орто кесиптик окуу жайлардын окуу процессиндеги методикалык иштерди өнүктүрүүдө окутуучуларды МКТ менен иштөөгө даярдоо; колледждин окутуучулары окуу мультимедиялык видеофильмдерди, лекция-презентацияларды билгичтик менен колдонуусу, интегративдүү сабактарды өтүүсү менен студенттердин интерактивдүүлүгүн, акыл-эс тутумун, материалды өздөштүрүүсүн, кесиптик компетенцияларын калыптандыруусун шарттайт, окутуучулардын методикалык иш аракеттерин жеңилдетүүгө жардам берет. Үчүнчү глава **«Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгы»** деп аталып, анда үчүнчү жана төртүнчү милдеттин иш жүзүнө аткарылышын чагылдырган. Аныктоочу эксперименттин алкагында колледждерде МКТ менен камсыздалышы, алардын окутуу процессинде пайдаланыш деңгээли, электрондук окуу-методикалык комплекстерин жана электрондук окуу китептеринин колдонулушу иликтөөгө алынган. Автор кесиптик колледждерде тейлөө адистеринин аталган багыттагы компетенттүлүгүнүн калыптаныш абалын жана ага байланыштуу тажрыйбаларды үйрөнүүдө психологиялык-педагогикалык диагностикалык инструменттерди ийкемдүү колдоно алган.

Калыптандыруучу эксперименттин алкагында «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси иштелип чыккан. Иштелип чыккан окуу-методикалык комплексинин эң негизги өзгөчөлүктөрү: а) башка предметтер менен байланыштуулугу; б) кесиптик мазмундагы маселелерди окутууда теориялык жана практикалык мисалдарга басым жасалгандыгында; в) кесипке багыттап окутууда колдонулган аппараттык жана прикладдык программалар боюнча маалыматтардын терең окутулушу; г) кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруу багытындагы маселелердин, тапшырмалардын, лабораториялык иштердин тандалып берилгендиги; д) кесиптик ишмердүүлүккө багыттап окутууга жекече мамиле кылуу жана кырдаал абалды түзүү жана андан чыгуу жолдорунун берилиши; е) сабактарын өтүүдө каражаттардын натыйжалуу колдонулушу, ж) студенттердин билимин баалоодо баалоонун критерийлеринин туура колдонулгандыгы айырмаланат. Педагогикалык экспериментте МКТны колдонуу менен кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары, методикалык модели жана окуу-методикалык көрсөтмөлөрү, жүзөгө ашыруу технологияларынын эффективдүүлүгү текшерилип, позитивдүү натыйжалары статистикалык маалыматтар менен тастыкталган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуу боюнча тажрыйбалардын тарыхы жана өнүгүш тенденциялары

талдоого теориялык жактан негизделген; колледждерде МКТны багыттап окутуунун педагогикалык шарттары интегративдик, инсанга багытталган окутуу жана компетенттүүлүккө негизделген парадигманын алкагында аныкталып, анын методикалык модели түзүлгөн; болочок адистердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык аспектилерин түгөл ичине алган жана аларды реалдуу кырдаалда кесиптик ишмердүүлүккө үйрөтүүгө багытталган «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси иштелип чыккан; колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары эксперимент аркылуу текшерилип, алардын натыйжалуулугу аныкталды.

**Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгы.**

Ф.Ш. Кулуеванын «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясын кесиптик билим берүүдөгү приоритеттердин бири катары кароого болот. Изилдөөнүн негизги бөлүктөрү бири-бири менен логикалык жактан тыгыз байланышта туруу менен изилдөөнүн милдеттерин чечүүгө багытталган. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор түрүндө таризделген, алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.**

Ф.Ш. Кулуеванын кандидаттык диссертациясынын төмөнкү илимий жыйынтыктары колледждердин практикасына киргизилген:

- студенттердин кесиптик маселелерди камтыган, калыптандыруу максатын көздөгөн «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» окуу методикалык комплекси түзүлгөн;
- түзүлгөн комплекс окуучулардын таанып-билүү аракетин багыттоочу методдор менен камсыздалган жана студентердин кесиптик билимдерди өздөштүрүү деңгээлдеринин критерийлери иштелип чыккан, алар методикалык моделге ылайык иреттештирилген;
- иштелип чыккан окуу методикалык комплекси орто кесиптик окуу жайларында, кесиптик лицейлердин окутуучуларынын билимин өркүндөтүү, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында; ошондой эле ар бир адистикке багытталган маселелер жыйнактарын түзүүдө колдонууга болот.

Ф.Ш. Кулуеванын диссертациялык ишинин материалдарын колдонуу темага байланыштуу илимий иштерди теориялык жактан талдоону

байытууга; изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» аттуу методикалык колдонмо комплекси учурдагы билим берүү процессин технологиялык жактан өркүндөтүүгө; колледждерде иштеген окутуучулардын МКТны колдонуу менен кесипке багыттап билим берүүдөгү тажрыйбасын арттырууга; болочок адистердин МКТны колдонуу боюнча кесипкөйлүүгүн арттырууга жол ачат.

**Негизги жоболор менен жыйынтыктардын жарыяланышы**. Диссертацияда алынган негизги жоболор, идеялар жана диссертациянын жыйынтыктары диссертанттын 15 илимий ишинде чагылдырылган, анын ичинен чет өлкөлөрдүн илимий басмаларында 5 макаласы жарык көргөн. Изденүүчүнүн жарыяланган эмгектери диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын толугу менен тастыктап турат.

**Диссертациянын мазмуну менен авторефераттын дал келүүсү**. Кулуева Фарида Шабданбековнанын илимий изилдөөсүнүн автореферати толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет жана анын негизги жоболорун чагыдырат. Диссертация жана автореферат логикалык жактан туура түзүлгөн, аларда ички биримдиги сакталган, алардын мазмуну факт менен берилген материалдарга негизделген.

**Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот**:

1. Диссертациянын мазмунунда колледждерде тейлөө адистигиндеги студенттердин тейлөө кызматкерлерин даярдоочу бөлүмдөрдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун теориялык жана методикалык маселелери каралган. Бирок, диссертациянын темасы, объект, предмети өтө эле кеңири таризделип аткарылган жумуштун мазмунуна толук адекваттуу болбой калган. Эреже талаптарга ылайык диссертациянын аталышына, предметине тейлөө адистиги түшүнүгү сөзсүз болушу зарыл эле. Диссертация квалификациялык эмгек болгондуктан белгиленген маселе өтө маанилүү.
2. Диссертациялык изилдөөнүн мазмунунда тейлөө кызматкерлерин даярдоочу бөлүмдөрдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун көп жактуу маселелери каралат. Ошонун менен бирдикте маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун натыйжасында окуучулар ээ болгон компетенттүүлүктөрдүн көрсөткүчтөрү өтө үстүрт чагылдырылып калгандай таасир калтырат. Анткени, ар кандай билим берүү долбоорунун максаты да, натыйжасы да студенттин кесиптик даярдыгынын көрсөткүчтөрү менен аныкталат.
3. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын текст формасында жалпылоодо олуттуу мүчүлүштүктөр орун алган. Диссертациянын текстинде калька түрүндөгү кыргыз тилинин

стилистикалык нормаларына шайкеш келбеген сүйлөмдөр кездешет.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларын мазмундук, структуралык жактан толуктоо, коррекциялоого байланштуу. Ал диссертациянын критериалдык көрсөткүчтөрүнө олуттуу шек туудура албайт.

Изденүүчү Кулуева Фарида Шабданбековнанын «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсү КР ЖАКы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет, ал эми изденүүчүгө 13.00.01 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга болот.

Расмий пикир Кыргыз – Түрк “Манас”университетинин педагогика кафедрасынын жыйынында (8 – февраль 2017 -ж., №2 токтому). талкууланып бекитилген.

**Кыргыз – Түрк “Манас” университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**п.и.д., профессор** **Алимбеков А.**